| | |
|---|---|
| **М-2024-0011**<br>*(документтин шифри)*<br>**7**<br>*(Беттин саны)*<br>**06.11.2024**<br>*(Бекитилген күнү)* | **Ош мамлекеттик университети**<br>**УЮШТУРУУ-БАШКАРУУ САЯСАТЫ**<br>**“Ош мамлекеттик университетинин аспирантурасы жөнүндө” ЖОБО** |

**ОшМУнун ректорунун**
**2024-жылдын 6-ноябрындагы**
**№6266-ФХД/24 буйругу менен**
**БЕКИТИЛДИ**

# “Ош мамлекеттик университетинин аспирантурасы жөнүндө” ЖОБО

**2024-жыл**

| | |
|---|---|
| **М-2024-0011**<br>*(шифр документа)*<br>**7**<br>*(количеств страниц)*<br>**06.11.2024**<br>*(Дата утверждения)* | **Ошский государственный университет**<br>**ОРГАНИЗАЦИОННО - УПРАВЛЕНЧЕСКАЯ ПОЛИТИКА**<br>**“Положение об аспирантуре Ошского государственного университета”** |

**УТВЕРЖДЕНО**
**приказом ректора ОшГУ**
**От 6 ноября 2024 года**
**№6266-ФХД/24**

# ПОЛОЖЕНИЕ “Об аспирантуре Ошского государственного университета”

**2024 год**

| ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ | | | ПАСПОРТ НОРМАТИВНОГО ДОКУМЕНТА | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Документтин аталышы | “Ош мамлекеттик университетинин аспирантурасы жөнүндө” ЖОБО | 1 | Название документа | ПОЛОЖЕНИЕ “Об аспирантуре Ошского государственного университета” |
| 2 | Документтин теги | Уюштуруу-башкаруу саясаты | 2 | Инициация документа | Организационно -управленческая политика |
| 3 | Документтин түрү | Жобо | 3 | Тип документа | Положение |
| 4 | Бекитилген күнү | 2024-жылдын 30-октябрындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №2 протоколунун чечими менен кабыл алынган. Ректордун 2024-жылдын 6-ноябрындагы №6266-ФХД/24 буйругу менен бекитилген. | 4 | Дата утверждения | Принято на заседании ученого совета ОшГУ 30 октября 2024 года, протокол №2. Утверждено приказом ректора ОшГУ от 6 ноября 2024 года №6266-ФХД/24 |
| 5 | Документтин шифри | М-2024-0011 | 5 | Шифр документа | М-2024-0011 |
| 6 | Документтин аннотациясы | Бул документ ОшМУда аспирантурада илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоонун уюштуруу тартибин аныктайт. Жобо университеттин уюштуруу-башкаруу саясаты системасынын документи болуп эсептелет. | 6 | Аннотация документа | Настоящий документ определяет порядок организации подготовки научных и научно-педагогических кадров в аспирантуре ОшГУ. Положение является документом организационно-управленческой системы университета. |

| | |
|---|---|
| 1. Аспирантура − илимий-изилдөө иштерин пландоо жана өз алдынча жүргүзүү боюнча компетенцияларга, ошондой эле илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга жеке илимий-квалификациялык ишти (диссертацияны) даярдоого мүмкүндүк берүүчү терең теориялык билимге ээ болгон илимий-педагогикалык жана илимий кадрларды даярдоо формасы.<br>2. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо күндүзгү жана сырттан окуу формаларында жүзөгө ашырылат.<br>3. Аспирантурада окуу күндүзгү окуу формасында − 3 жыл, сырттан окуу формасында − 4 жыл.<br>4. Аспиранттар аспирантуранын лицензияларынын негизинде даярдалат.<br>5. Аспиранттарды даярдоо жогорку квалификациялуу илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо жаатындагы мамлекеттик орган тарабынан бекитилүүчү илимий кызматкерлердин адистиктеринин номенклатурасына ылайык илимий адистиктер жана багытгар боюнча жүзөгө ашырылат.<br>6. Аспирантурага адистин же магистрдин диплому менен ырасталган жогорку кесиптик билими бар адамдар конкурстук негизде кабыл алынат.<br>7. Аспирантурага окуу укугуна Кыргыз Республикасынын жарандары, чет мамлекеттин жарандары жана жана жарандыгы жок адамдар ээ болот. Чет өлкөлүк жарандарды аспирантурага кабыл алуу жылдын декабрь айына чейин жүргүзүлөт.<br>8. Медицина багыты боюнча аспирантурага тапшыруу үчүн ординатуранын сертификаты, эгерде талапкер интернатураны бүткөн болсо, тапшырып жаткан адистиги боюнча 2 жылдан кем болбогон стаж талап кылынат.<br>9. Аспирантурага кабыл алуу жөнүндө арыз ОшМУнун ректорунун атына берилет, ага төмөнкү документтер тиркелет: | 1. Аспирантура − форма подготовки научно-педагогических и научных кадров, обладающих компетенциями по планированию и самостоятельному проведению научно-исследовательских работ, а также глубокими теоретическими знаниями, позволяющими подготовить индивидуальную научно-квалификационную работу (диссертацию) на соискание ученой степени кандидата наук.<br>2. Подготовка научных и научно-педагогических кадров осуществляется в очной и заочной формах.<br>3. Обучение в аспирантуре осуществляется по очной форме обучения − 3 года, заочной − 4 года<br>4. Подготовка аспирантов ведется на основе лицензий аспирантуры.<br>5. Подготовка научных и научно-педагогических кадров осуществляется по научным специальностям и направлениям в соответствии с номенклатурой специальностей научных работников, утверждаемой государственным органом в области аттестации научных и научно-педагогических кадров высшей квалификации.<br>6. В аспирантуру принимаются на конкурсной основе лица, имеющие высшее профессиональное образование, подтвержденное дипломом специалиста или магистра.<br>7. Право на обучение в аспирантуре имеют граждане Кыргызской Республики, граждане иностранных государств и лица без гражданства. Прием иностранных граждан в аспирантуру осуществляется до декабря текущего года.<br>8. Для поступления в аспирантуру по медицинскому направлению требуется сертификат, если кандидат закончил интернатуру, требуется стаж не менее 2-х лет по специальности, на который поступает. |

| | |
|---|---|
| 1) өмүр баян;<br>2) жогорку окуу жайын, магистратураны бүтүргөндүгү тууралуу дипломдорунун, ординатураны бүтүргөндүгү тууралуу сертификатынын нотариустан тастыкталган көчүрмөлөрү (чет өлкөлүк жарандар үчүн – алардын билими тууралуу документтеринин эквиваленттүүлүгү жөнүндө күбөлүк);<br>3) илимий жетекчисинин макулдугу (илимий жетекчисинин тастыкталган кол тамгасы, мөөрү менен) жана маалыматтары (кандидаттык жана доктордук диссертацияларынын адистиктери, шифрлери, окумуштуулук даражасы, наамы, иштеген жери жана кызматы, телефон номерлери);<br>4) жарыкка чыккан илимий эмгектердин, ойлоп табуулардын тастыкталган көчүрмөлөрү (бар болсо);<br>5) тиешелүү тармактын адисинин пикири менен тандалган адистик темасы боюнча реферат;<br>6) 3х4 өлчөмүндөгү 4 даана сүрөт;<br>7) кадрлар бөлүмүнөн тастыкталган өздүк баракча;<br>8) ОшМУнун тиешелүү профилдик кафедрасынын кеңешмесинин аспирантурага сунуштагандыгы жөнүндөгү протоколунан көчүрмө;<br>9) кадрлар бөлүмүнөн тастыкталган эмгек китепчесинин көчүрмөсү;<br>10) иштеген жерлеринен маалымкаттар;<br>11) паспорттун көчүрмөсү (чет өлкөлүк жарандар үчүн нотариустан тастыкталган котормосу);<br>12) окумуштуулар (илимий-техникалык) кеңешинин же мамлекеттик аттестациялык комиссиянын сунуштамалары (бар болсо); | 9. Заявление о приеме в аспирантуру подается на имя ректора ОшГУ с приложением следующих документов:<br>1) автобиография;<br>2) копия диплома специалиста или магистра о высшем профессиональном образовании (для иностранных граждан − удостоверение об эквивалентности их документов об образовании) заверенная нотариусом;<br>3) согласие научного руководителя (заверенный подписью и печатью) и сведения (шифры и специальности кандидатской и докторской диссертаций, ученая степень, ученое звание, место работы, должность, номер мобильного телефона);<br>4) список опубликованных научных работ, изобретений (при наличии);<br>5) реферат на тему по выбранной специальности с отзывом специалиста соответствующей отрасли;<br>6) фото размером 3х4 – 4 шт;<br>7) личный листок по учету кадров, заверенный отделом кадров;<br>8) выписка из протокола заседания соответствующей по профилю кафедры о рекомендации для поступления в аспирантуру;<br>9) копия трудовой книжки, заверенная отделом кадров;<br>10) справки с место работ;<br>11) копия паспорта (для иностранных граждан – нотариально заверенный перевод);<br>12) рекомендации ученого (научно-технического) совета или государственной аттестационной комиссии;<br>13) протоколы о сдаче кандидатских экзаменов и сертификат о сдаче государственноoо языка (при наличии).<br>Паспорт и диплом в оригинале представляются аспирантом лично.<br>10. Прием и хранение документов в аспирантуре осуществляется в отделе аспирантуры и докторантуры ОшГУ (далее – отдел). Документы аспирантов, срок обучения которых истек, передаются в архив. |

13) кандидаттык экзамендерди тапшыргандыгы жөнүндө протоколдор жана мамлекеттик тилди тапшыргандыгы тууралуу сертификат (бар болсо).

Паспортту жана дипломду талапкер жеке өзү түп нускасында көрсөтөт.

10. Аспирантурага документтерди кабыл алуу жана сактоо ОшМУнун аспирантура жана докторантура бөлүмүндө (мындан ары – бөлүм) жүргүзүлөт. Окуу мөөнөтү бүткөн аспиранттардын документтери архивге өткөрүлүп берилет.

11. Аспирантурага кабыл алуу жыл сайын илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.

Аспирантурага кабыл алууну уюштуруу үчүн ректордун (проректордун) төрагалыгы алдында жогорку квалификациялуу илимий-педагогикалык жана илимий кадрлардын, анын ичинде болочок аспиранттардын илимий жетекчилеринин ичинен кабыл алуу комиссиясы түзүлөт.

12. Аспирантурага тапшырып жаткан адамдар сунуш кылынган илимий жетекчи менен алдын ала аңгемелешүүдөн өтүшөт, ал кабыл алуу комиссиясына аңгемелешүүнүн жыйынтыгы жөнүндө билдирет.

13. Аспирантурага тапшырып жаткан адамдар төмөнкү дисциплиналар боюнча кирүү экзамендерин тапшырышат:

1) адис же магистр үчүн колдонуудагы программанын көлөмүндө атайын дисциплинадан;
2) аспирантка диссертациялык ишин аткарууда керек болгон, университет тарабынан аныкталган чет тили;
3) илимдин тарыхы жана философиясы;
4) кыргыз тили.

14. Дисциплиналар боюнча кирүү экзамендерин кабыл алуу тийиштүү комиссиялар тарабынан жүргүзүлөт, алардын

11. Прием в аспирантуру проводится ежегодно в сроки, установленные уполномоченным государственным органом в сфере науки.

Для организации приема в аспирантуру создается приемная комиссия под председательством ректора (проректора) университета из числа высококвалифицированных научно-педагогических и научных кадров, включая научных руководителей будущих аспирантов.

12. Лица, поступающие в аспирантуру, проходят предварительное собеседование с предлагаемым научным руководителем, который сообщает о результатах собеседования приемной комиссии.

13. Лица, поступающие в аспирантуру, сдают вступительные экзамены по следующим дисциплинам:

1) специальная дисциплина в объеме действующей программы для специалиста или магистра;
2) иностранный язык, определяемый университетом, необходимый аспиранту для выполнения диссертационной работы;
3) история и философия науки;
4) кыргызский язык.

14. Прием вступительных экзаменов по дисциплинам проводится соответствующими комиссиями, в состав которых входят преподаватели с учеными степенями согласно профилю сдаваемой дисциплины.

15. Комиссии по иностранному языку и по творческим специальностям могут состоять из квалифицированных преподавателей, не имеющих ученой степени и ученого звания.

16. Вступительные экзамены в аспирантуру повторно не сдаются.

17. Кандидаты, сдавшие кандидатские экзамены, освобождаются от вступительных экзаменов.

18. Приемная комиссия по результатам вступительных испытаний выносит отдельное решение по каждому поступающему лицу.

курамына тапшырылып жаткан дисциплина тармагына ылайык окумуштуулук даражасы бар окутуучулар кирет.

15. Чет тили жана чыгармачылык адистиктер боюнча комиссиялар окумуштуулук даражасы жана илимий наамы жок квалификациялуу окутуучулардан турушу мүмкүн.
16. Кирүү сынактары кайра тапшырылбайт.
17. Кандидаттык сынактарды тапшырышкан талапкерлер кирүү сынактарынан бошотулат.
18. Кабыл алуу комиссиясы кирүү сынактарынын жыйынтыгы боюнча ар бир тапшыруучу адамга карата өзүнчө чечим чыгарат.
19. Аспирантурага кабыл алуу же баш тартуу жөнүндө чечим тапшыруучу адамга беш кундүк мөөнөттө, бирок окуу башталганга чейин 2 жумадан кечиктирбестен билдирилет.
20. Аспирантурага кирүүдө конкурста талапкерлердин сынактардан алган жогорку баалары, жарыкка чыккан илимий эмгектери, илимий жетишкендиктери жана адистик боюнча эмгек стажы эске алынат.
21. Аспирантурага кабыл алуу университеттин ректорунун буйругу менен таризделет.
22. Аспирант аспирантурада окуп жаткан мезгилде төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) жекече окуу, календардык пландарын толук аткарууга;
2) кандидаттык экзамендерди тапшырууга;
3) диссертациялык ишин аяктоого жана аны иш аткарылган жеринде талкуулоодон өткөрүүгө.

23. Аспиранттардын диссертациялык иштеринин темалары, илимий жетекчилери жана окуу пландары ОшМУнун окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет жана ректордун буйругу менен таризделет, андан ары аспирант илимий кадрларды аттестациялоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайтындагы өзүнүн жеке кабинетине жүктөйт.

Диссертациянын темасын тандоодо артыкчылык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген

19. Решение о приеме в аспирантуру или отказе сообщается поступающему лицу в пятидневный срок, но не позднее, чем за 2 недели до начала обучения.
20. При поступлении в аспирантуру учитываются высокие оценки, полученные кандидатами на конкурсах, опубликованные научные работы, научные достижения и стаж работы по специальности.
21. Зачисление в аспирантуру оформляется приказом ректора университета.
22. Аспирант за время обучения в аспирантуре обязан:

1) выполнить индивидуальный учебный, календарный планы в полном объеме;
2) сдать кандидатские экзамены;
3) завершить работу над диссертацией и пройти ее обсуждение по месту выполнения работы.

23. Темы диссертационных работ, научные руководители и индивидуальные учебные планы аспирантов утверждаются ученым советом ОшГУ и оформляются приказом ректора, который далее загружается аспирантом в его личный кабинет на сайте уполномоченного государственного органа в сфере аттестации научных кадров.

Приоритет при выборе темы диссертации отдается исследованиям, соответствующим Перечню приоритетных направлений развития науки в Кыргызской Республике, утверждаемому Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

24. Научными руководителями аспирантов утверждаются, преимущественно, доктора наук по соответствующей или смежной специальности, а также, возможно, кандидаты наук,

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасында илимди өнүктүрүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын тизмегине туура келген изилдөөлөргө берилет.<br>24. Аспиранттардын илимий жетекчилери катарында көбүнчө тиешелүү же тектеш адистиги боюнча илимдин докторлору, ошондой эле тиешелүү багыттагы илимдин кандидаттары, философия докторлору (PhD)/тармак боюнча докторлор бекитилет.<br>Эки адистиктин кесилишиинде илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн аспиранттарга эки илимий жетекчинин жетекчилиги астында иштөөгө уруксат берилет.<br>Илимий жетекчи аспиранттын бекитилген жекече окуу планынын аткарышын көзөмөлдөйт.<br>25. Аспирант жыл сайын өзү бекитилген кафедрага жана бөлүмгө отчет берип, аттестациядан өтөт. Аспиранттардын бардык отчеттору аспирантурада окуган мезгилде сакталат жана диссертациялык иши менен бирге берилет.<br>Окуу планын, жекече окуу планын аткарбаган, илимий жетекчиси, кафедра, бөлүм менен байланышын үзгөн, келишим акысын убагында төлөбөгөн аспирант ректордун буйругу менен мөөнөтүнөн мурда аспирантурадан чыгарылат.<br>26. Окуудан чыгарылган аспирант 10 жылдын ичинде аспирантурадагы окуу жылынын башынан келишимдик негизде тикеленүүгө укуктуу.<br>27. Аспирантурада академиялык өргүү узак мөөнөттө ооруганда, стационардык дарылануууда (медкомиссиянын корутундусунун негизинде), кош бойлуу жана төрөгөн учурларда бир жылдык мөөнөткө берилет. Академиялык өргүү 1-курстан берилбейт. 1-курстан окуудан чыгарылган аспирант кайра тикеленбейт.<br>28. Окуу планындагы кайсы бир дисциплиналар боюнча отчёттуулукту жүйөлүү себептер менен тапшыра албай калган аспирант, бирок жекече окуу планындагы башка иш-аракеттерди аткарган учурда, окуу процесси кийинки жылга калтырылуу менен курстан курска көчүрүлүшү мүмкүн. | доктора философии (PhD)/доктора по профилю соответствующего направления.<br>Аспирантам, выполняющим научные исследования на стыке двух специальностей, разрешается выполнять работу под руководством двух научных руководителей.<br>Научный руководитель контролирует выполнение аспирантом утвержденного индивидуального учебного плана.<br>25. Аспирант ежегодно представляет отчет на кафедру, в отдел аспирантуры. Все отчеты аспирантов за время обучения в аспирантуре сохраняются и представляются вместе с диссертационной работой.<br>Аспирант, не выполнивший учебный план, индивидуальные учебные планы, потерявший связь с научным руководителем, кафедрой, отделом, не оплативший в срок договорные платежи, досрочно отчисляется из аспирантуры приказом ректора.<br>26. Аспирант, отчисленный из аспирантуры, имеет право в течение 10 лет восстановиться в аспирантуре с начала учебного года на контрактной основе.<br>27. Академический отпуск в аспирантуре предоставляется сроком на один год при длительной болезни, стационарном лечении (на основании заключения медкомиссии), беременности и родах. Академический отпуск не предоставляется на первом курсе. Аспирант, отчисленный с 1-го курса, не подлежит восстановлению.<br>28. Аспирант, не предоставивший отчетность по уважительной причине по определенным дисциплинам, но при этом выполнивший другие работы по индивидуальному учебному плану, может быть переведен с курса на курс с отсрочкой учебного процесса на следующий год. |

| | |
|---|---|
| 29. Аспиранттар тандалган тема боюнча илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн университеттин илимий-педагогикалык жана илимий кызматкерлери менен бирдей жабдууларды, лабораторияларды, кабинеттерди, китепканаларды колдоно алат жана иш сапарларга, анын ичинде чет өлкөлүк окуу жана илимий борборлорго баруу, экспедицияларга ж.б. катышуу укугун пайдаланат. | 29. Аспиранты могут использовать то же оборудование, лаборатории, кабинеты, библиотеки, что и научно-педагогический и научный персонал университета, для проведения научных исследований по выбранной теме и могут участвовать в командировках, включая поездки в зарубежные учебные и исследовательские центры, экспедиции и т. д. |
| 30. Аспиранттарды университеттен башка жогорку окуу жайга, илимий уюмга которуу, ошондой эле даярдоонун күндүзгү бөлүмүнөн сырттан окуу бөлүмүнө жана тескерисинче которуу, окуу мөөнөтү аяктаганга чейин аспирантурадан чыгарылган аспирантты тикелөө, аспирантурадан докторантурага PhD/тармак боюнча жана кайра которуу ректордун чечими менен жүзөгө ашырылат. Которуу жана тикелөө аспиранттын жеке арызы боюнча жүргүзүлөт. | 30. Перевод аспирантов из университета в другое высшее учебное заведение, научную организацию, а также с очной формы подготовки на заочную и наоборот, восстановление аспиранта, отчисленного из аспирантуры до окончания срока обучения, перевод из аспирантуры в докторантуру PhD/по профилю и обратно осуществляется решением ректора университета. Перевод и восстановление производится по личному заявлению аспиранта. |
| 31. Аспирантураны бүтүргөндөн кийин бирдиктүү үлгүдөгү тиешелүү сертификат берилет, анын кошумча барагында илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген талаптарга ылайык өздөштүрүлгөн дисциплиналардын тизмеги, сааттардын көлөмү жана алынган баалар көрсөтүлөт. | 31. По окончанию аспирантуры выдается соответствующий сертификат единого образца с вкладышем, где отражаются перечень освоенных дисциплин, объем часов и полученные оценки в соответствии с требованиями, установленными уполномоченным государственным органом в сфере науки. |
| 32. Күндүзгү окуу бөлүмүндө окуган аспиранттар жекече окуу планын аткарган шартта акы төлөнүүчү илимий, педагогикалык иштерди аткарууга укуктуу. | 32. Аспиранты, обучающиеся по очной форме, имеют право выполнять оплачиваемую научную, педагогическую работу при условии выполнения ими индивидуального плана подготовки. |
| 33. Аспиранттарга бектилген өлчөмдө мамлекеттик, ОшМУнун атуулдук стипендиялары, бюджеттен сырткары ж.б. атайын стипендиялар ыйгарылышы мүмкүн. | 33. Аспирантам могут быть предоставлены установленные государственные, именные и другие внебюджетные специальные стипендии. |
| 34. Аспиранттарды келишимдик негизде даярдоо алар менен түзүлгөн келишимге ылайык жүргүзүлөт. | 34. Подготовка аспирантов на контрактной основе осуществляется в соответствии с заключенными с ними договорами. |
| 35. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо окуп жаткандардын өздүк каражаттарынын, университеттин атайын каражаттарынын эсебинен, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте | 35. Подготовка научных и научно-педагогических кадров может осуществляться за счет собственных средств обучающихся, |

| | |
|---|---|
| республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.<br>36. Аспиранттын илимий жетекчисинин эмгегине акы төлөө университеттин атайын каражаттарынын эсебинен 2 илимий жетекчи бекитилген учурларды кошо алганда, жылына бир аспирантка 50 саат эсептелгендеги билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө баалардын тарифтерине жана убакыттын ченемдерине ылайык жүргүзүлөт.<br>37. Илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоону тейлеген түзүмдүк бөлүмдөр жылына бир жолу университеттин Окумуштуулар кеңешине отчет берет.<br>38. Университет жыл сайын окуу жылы аяктагандан кийин илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга отчет берет.<br>**Окуу процессин уюштуруу жана окуу жүктөмдөрүн пландаштыруу**<br>1. Аспиранттарды даярдоо программасына кандидаттык экзамендерди жана тесттерди тапшыруу үчүн дисциплиналардан тышкары «Педагогикалык чеберчиликтин мектептери», «Академиялык жазуу» «Илимий изилдөөлөрдүн методологиясы, «Статистикалык анализ» дисциплиналары киргизилет.<br>2. Окуу процесси илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.<br>3. Күндүзгү жана сырттан окууда окуу процесси бирдей жагдайда, окуу жылы ичинде окуу планга жараша үзгүлтүксүз жүргүзүлөт (күндүзгү окуудагыдай).<br>4. Окуу процесси айрым учурларда зарылчылыкка жараша − өз алдынча иштерди кабыл алууда, интерактивдүү вебинарларды өтүүдө, өзгөчө кырдаалдарда ж.б. учурларда убактылуу мөөнөттө онлайн форматта өтүлүшү мүмкүн. | специальных средств университета, за счет средств республиканского бюджета в порядке, определяемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики.<br>36. Оплата труда научного руководителя аспиранта производится за счет специальных средств университета в соответствии с тарифами и нормами времени на образовательные услуги из расчета 50 часов на одного аспиранта в год, включая случаи утверждения 2 научных руководителей.<br>37. Структурные подразделения, курирующие подготовку научных и научно-педагогических кадров, один раз в год отчитываются перед ученым советом университета.<br>38. Университет ежегодно по завершению учебного года предоставляет отчет в уполномоченный государственный орган в сфере науки.<br>**Организация учебного процесса и планирование учебной нагрузки**<br>1. В программу подготовки аспирантов для сдачи кандидатских экзаменов и тестов включаются дисциплины «Школа педагогического мастерства», «Академическое письмо», «Методология научных исследований (Статистический анализ)».<br>2. Учебный процесс осуществляется в сроки, установленные уполномоченным государственным органом в сфере науки.<br>3. При очном и заочном обучении учебный процесс осуществляется в одних и тех же условиях, непрерывно в течение учебного года в соответствии с учебным планом (как при очном обучении).<br>4. Учебный процесс по мере необходимости в отдельных случаях - при принятии самостоятельных работ, проведении интерактивных вебинаров, в чрезвычайных ситуациях и др. может временно переведен в онлайн формат. |

| | |
|---|---|
| 5. Чет элдик жарандар, тайпалар үчүн сабактар кырдаалга карата онлайн, аралаш форматта өткөрүлүшү мүмкүн.<br>6. Окуу процесси бөлүм тарабынан уюштурулат, көзөмөлдөнөт жана жыйынтыкталат.<br>7. Окуу жүктөмдөрү бөлүмдө тиешелүү кафедралардын окутуучуларына пландаштырылат.<br>8. Аспиранттар кандидаттык экзамендерди илимий кадрларды аттестациялоо тармагындагы мыйзамдарга ылайык тапшырат.<br>9. Кандидаттык экзамендер традициялуу оозеки, тестирлөө формаларында өткөрүлөт.<br>10. Кирүү жана кандидаттык экзамендер айрым учурларда кырдаалга карата комиссиянын чечими менен онлайн форматта кабыл алынышы мүмкүн.<br>11. Кандидаттык экзамендер тапшырылуучу дисциплиналар боюнча аспирант реферат жазып, коргойт жана өз алдынча иштерди тапшырат.<br>12. Сабактарга үзгүлтүксүз катышкан, жетишкен жана рефератты, өз алдынча иштерди ийгиликтүү тапшырышкан аспиранттар кандидаттык экзамендерди тапшырууга уруксат алышат.<br>13. Кандидаттык экзамендер алынуучу дисциплиналар боюнча өз алдынча иштердин жалпы саатынын 15 пайыздан, ал эми зачет кабыл алынуучу дисциплиналар боюнча 8 пайыздан ашпаган бөлүктөрү ар бир тайпа үчүн төлөнүүчү окуу жүгүнө киргизилет.<br>14. Бир тайпага кандидаттык экзамен, зачет кабыл алуу үчүн 6 сааттан көп эмес бөлүнөт.<br>15. Кирүү жана кандидаттык экзамендерди кабыл алган комиссиянын төрагасына жана мүчөлөрүнө тапшыруучулардын саны 12ден кем болбогон тайпа үчүн бир күнгө 6 саатка сааттык акы төлөм түрүндө төлөнөт. | 5. В зависимости от ситуации занятия для иностранных граждан, групп могут проводиться в онлайн и смешанном формате.<br>6. Учебный процесс организуется, контролируется и подытоживается отделом.<br>7. Учебные нагрузки планируются в отделе преподавателям соответствующих кафедр.<br>8. Аспиранты сдают кандидатские экзамены в соответствии с законодательством в области аттестации научных кадров.<br>9. Кандидатские экзамены проводятся в традиционных формах – устно и в форме тестирования.<br>10. Вступительные и кандидатские экзамены в некоторых случаях в зависимости от ситуации могут проводиться в онлайн-формате по решению комиссии.<br>11. По дисциплинам, по которым сдаются кандидатские экзамены, аспирант пишет и защищает реферат и сдает материалы по самостоятельной работе.<br>12. Аспиранты, регулярно посещающие занятия, успешно сдающие рефераты и самостоятельную работу, получают разрешение на сдачу кандидатских экзаменов.<br>13. В оплачиваемую учебную нагрузку каждой группы включаются не более 15 процентов от общего количества часов самостоятельной работы по дисциплинам, по которым сдаются кандидатские экзамены и не более 8 процентов частей дисциплин, по которым сдаются зачеты.<br>14. На сдачу кандидатского экзамена, зачета одной группе отводится не более 6 часов.<br>15. Председателю и членам комиссии, принимающим вступительные и кандидатские экзамены, выплачивается почасовая оплата в размере 6 часов в сутки для групп с численностью не менее 12 человек. |

| УКУКТУК -ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАР | НОРМАТИВНО-ПРАВОВЫЕ АКТЫ |
|---|---|
| 1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, 2023-жылдын 11-августу, № 179 | 1. Закон «Об образовании» Кыргызской Республики № 179 от 11 августа 2023 г. |
| 2. Кыргыз Республикасынын «Илим жөнүндө» мыйзамы, 2023-жылдын 8-августу, № 170 | 2. Закон «О науке» Кыргызской Республики №170 от 8 августа 2023 г. |
| 3. «Жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды даярдоо жөнүндө» ЖОБО, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, 2024-жылдын 4-июлу, №358 | 3. Положение Кабинета Министров «О подготовке научных и научно-педагогических кадров по программам послевузовского профессионального образования» №358 от 4 июля 2024 г. |
| 4. «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» ЖОБО, КРдин Президентинин жарлыгы, 2022-жылдын 18-январы, №12 | 4. Положение «О порядке присуждения ученых степеней» Указ Президента КР №12 от 18 января, 2022 г. |
| 5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 4-мартындагы №2831/1 буйругу (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин лицензиялоо боюнча Кеңешинин 2022-жылдын 3-мартындагы №4-1 протоколу) | 5. Приказ Министерства образования и науки №2831/1 от 4 марта 2022 года (Решение Совета по лицензированию Министерства образования и науки КР протокол №4-1 от 3 марта 2022 года) |
| 6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 23-ноябрындагы №2515/1 буйругу (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин лицензиялоо боюнча Кеңешинин 2022-жылдын 21-ноябрындагы №20-1 протоколу) | 6. Приказ Министерства образования и науки №2515/1 от 23 ноября 2022 года (Решение Совета по лицензированию Министерства образования и науки КР протокол №20-1 от 21 ноября 2022 года) |
| 7. «Илимий кызматкерлердин адистиктеринини НОМЕНКЛАТУРАСЫ» (КРдин ЖАКтын президиумунун 2018-жылдын 28-июнундагы №100, 2018-жылдын 27-сентябрындагы | 7. «Номенклатура специальностей научных работников» (В редакции постановлений президиума ВАК Кыргызской Республики от 28 июня 2018 г. № 100, 27 сентября 2018 г. № 123, 1 октября 2020 г. № 067) (В редакции постановлений президиума НАК ПКР от 29 июня 2023 года № 312, 314 , от 1 |

| | |
|---|---|
| №123, 2020-жылдын 1-октябрындагы №067 токтомдорунун редакцияларына ылайык), (Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы УАКтын президиумунун 2023-жылдын 29-июнунудагы №312, 314, 2024-жылдын 1-февралындагы №036, 2024-жылдын 20-ноябрындагы №473, 2024-жылдын 26-декабрындагы №512 токтомдорунун редакцияларына ылайык)<br><br>8. ОшМУнун Уставы, 2024-жылдын 6-майы<br><br>9. «Ош мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамы аткарган окуу жүктөмдөрүнүн көлөмүн пландаштыруу жана эсепке алуу убакыт ченемдери жөнүндө ЖОБО», 2024-жылдын, 18-майы<br><br>10. ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2016-жылдын 26-декабрындагы кабыл алынган чечими, № 1344 буйрук | февраля 2024 года № 036, от 20 ноября 2024 года № 473, от 26 декабря 2024 года № 512)<br><br>8. Устав ОшГУ, 6 мая 2024 г.<br><br>9. «Положение о нормах времени планирования и учета объема учебных нагрузок, выполняемых профессорско-преподавательским составом Ошского государственного университета” от 18 мая 2024 года<br><br>10. Решение ученого совета ОшГУ от 26 декабря 2016 год, приказ №1344 |

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Ош шаары**

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 30-октябрындагы № 2**
**жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**КҮН ТАРТИБИ**

**5. ОшМУнун айрым жоболоруна толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

**УГУЛДУ:** ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор К. Г. Кожобеков ар түрдүү өндүрүштүк № 5.1 маселеде каралган жоболорго Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө билдирүүсү, иш кагаздары менен тааныштырып, талкууга алып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «PhD докторантуранын жана ОшМУнун аспирантура жөнүндө» жоболоруна кабыл алынган өзгөртүүлөр бекитилсин, жаңы редакциядагы жоболор ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, доцент Ж. Т. Молдалиевге милдеттендирилсин.

2. ОшМУда өз алдынча билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндөгү жобонун 2.3.7., 2.4. жана 2.5. пунктарына ылайык № 4 тиркемеге кабыл алынган тактоолор жана толуктоолор бекитилсин, жаңы редакциядагы жобо ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнүн стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Ж. А. Артыковага милдеттендирилсин.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

**Окумуштуу катчы,**
**доцент** **Дж. Ж. Асанбекова**

# ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

## БУЙРУК

(ОшМУнун айрым жоболоруна толуктоолорду киргизүү жөнүндө)

2024-жылдын 30-октябрындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 2 протоколунун чечиминин негизинде ар түрдүү өндүрүштүк маселеде каралган жоболорго толуктоолорду жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү № 5.1 маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. «PhD докторантуранын жана ОшМУнун аспирантура жөнүндө» жоболоруна кабыл алынган өзгөртүүлөр бекитилсин, жаңы редакциядагы жоболор ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо аспирантура жана докторантура бөлүмүнүн башчысы, доцент Ж. Т. Молдалиевге милдеттендирилсин.

2. ОшМУда өз алдынча билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү жөнүндөгү жобонун 2.3.7., 2.4. жана 2.5. пунктарына ылайык № 4 тиркемеге кабыл алынган тактоолор жана толуктоолор бекитилсин, жаңы редакциядагы жобо ОшМУнун сайтына жайгаштырылсын.

Аткарылышын камсыздоо академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын начальниги Ж. А. Артыковага милдеттендирилсин.

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Г. Кожобеков**

ДОКУМЕНТ
ПОДПИСАН
ЭЛЕКТРОННОЙ ПОДПИСЬЮ
Распоряжение ОшГУ №19-р/21 от 12.05.2021

# Лист согласования

## ОК № 2, 30.10.2024 өндүрүштүк маселе (жоболорго толуктоо, өзгөртүү киргизүү) № 6266-ФХД/24 от 06-11-2024

**Описание: ОК № 2, 30.10.2024 өндүрүштүк маселе (жоболорго толуктоо, өзгөртүү киргизүү)**

**Инициатор: Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна**

**Предмет согласования:**

**Приказ "ОК № 2, 30.10.2024 өндүрүштүк маселе (жоболорго толуктоо, өзгөртүү киргизүү) (№ 6266-ФХД/24 от 06-11-2024)"**

| № | ФИО | Должность | Результат | Дата | Примечание |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Асанбекова Джамиля Жекшеналиевна | Ученый секретарь (Ректорат) | Согласован | 05-11-2024 | |
| 2 | Молдалиев Жоомарт Тумакович | Заведующий отделом (Жалпы клиникалык биохимия жана патофизиология ) | Согласован | 05-11-2024 | |
| 3 | Артыкова Жылдыз Абдисаламовна | Академиялык иштер башкармалыгынын начальниги (Академиялык иштер жана билим берүү саясатын өнүктүрүүнү стратегиялык пландаштыруу башкармалыгынын маалыматтык-аналитикалык бөлүмү) | Согласован | 05-11-2024 | |
| 4 | Кожобеков Кудайберди Гапаралиевич | Ректор (Ректорат) | Утвержден | 06-11-2024 | |
| 5 | Батралиева Азиза Мухтаровна | Инспектор (Диссертациясынын үстүнөн өз алдынча иштеген илим изденүүчүлөр сектору) | Выполнен | 06-11-2024 | |

5 марта 2025 г.